# М А А Л Ы М А Т

**4. (Кыргыз Республикасынын БШКнын ЫЧККТнан (КГОР) №9 саны менен чыгышталып келген маалымат боюнча)**

2021-жылдын 21-июнь күнү Ош шаардык ИИБдин нөөмөт бөлүмүнө Азаттыктын кабарчысы [redacted] уулу [redacted] кабар берген, анда Ош шаарынын Курманжан-Датка көчөсүнүн №49 дареги менен жайгашкан "Датка" чайканасында Зайнидинов [redacted] аттуу талапкер үй башчыларына чай берип жаткандыгын билдирген.

Аталган маалымат 2021-жылдын 21-июнь күнү Ош шаардык ИИБдин МЭЖна 02-041-2021-001588 саны менен каттоого алынган.

Аталган факты боюнча Азаттык үналгысынын кабарчысы [redacted] уулу [redacted] өзүнүн түшүнүк катында, кесиптиши [redacted] уулу [redacted] Ош шаарынын Курманжан-Датка көчөсүндө жайгашкан №49 дарегиндеги "Датка" чайканасында "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынын талапкери Зайнидинов [redacted] үй башчыларына чай уюштуруп берип жаткандыгы тууралуу маалыматты билдирип, бул маалымат боюнча аталган дарекке барганда, ал жерден 45-50 жаштагы эки эркек киши чыгышканда алардан кимдер бар экенин сураган учурда, ал кишилер эч ким жок, силерди киргизбейбиз деп эшикти жаабып койгон. Ал эки кишинин бирөөсү туулган күн өткөрүп жаткандыгын билдирген. Кийин ал жерден 5,6 аял киши бет капчан чыгып бара жатканда, силер кимсиңер деп сураганда алардын бирөөсү үгүтчүмүн деп, ошол эле аялдардын бирөөсү туулган күнгө келдик деп адашып эки адамдын атын айтты деп билдирген.

Текшерүү учурунда, [redacted] -жылы туулган, Ош МУда инженер болуп иштеген өзүнүн түшүнүк катында, эч кандай талапкерлерди шайлап кой деп чай уюштурбаганын, аталган жерге тааныш аялдар жана инилерин чакырып өзүнүн туулган күнүн өткөрүп жатканын билдирген, бирок анын туулган күнүн жогорудагы тааныштары билбегендиктен, туулган күнүм деп чай уюштургандыгын билдирип, эч кандай Зайнидинов Алтынбекти таанымагандыгы тууралуу маалымат берген.

Ал эми [redacted], [redacted], [redacted], [redacted] жана [redacted] өздөрүнүн түшүнүк катында таанышы [redacted] туулган күнүн өткөрүп чакырганын, эч кандай Зайнидинов [redacted] чай уюштурбаганын жана аны таанымагандыктарын билдиришкен.

"Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынын талапкери 1975-жылы туулган Зайнидинов [redacted], өзүнүн түшүнүк катында [redacted] жана ошол жердеги аялдарды таанымагандыгын, эч кандай чай уюштурбагандыгын жана ошол күнү Ноокат районунун Кыргыз-Ата айылында болгондугун билдирген.

Жыйынтыгында, аталган маалымат боюнча канадайдыр бир кылмыштын жана жоруктун окуясы болбогондугуна байланыштуу, топтолгон материал Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө убактылуу жобонун 2-главасынын 14-бөлүмүнө ылайык 22.06.2021-жылы номенкулатуралык ишке тиркелип, материалга №041-2021-000162 саны ыйгарылгандыгын билдиребиз. *(аталган маалымат 21.06.2021-жылы **КРнын БШКнын ЫЧККТнан маалымат №9** саны менен чыгышталып кайталанып келген)* [redacted]

**Ош шаардык ИИБнын**
**Тергөө кызматы**